*Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,*
*педагогика илимдеринин кандидаты,*
*Кыргыз билим берүү академиясы,*
*жетектөөчү илимий кызматкер,*
*Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары*

# АДАМЗАТТЫН БӨЛҮНҮШҮНҮН – АДЕПТИК-РУХАНИЙ ТАРБИЯГА ТААСИРИ

*Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна,*
*кандидат педагогических наук,*
*ведущий научный сотрудник,*
*Кыргызская академия образования,*
*Кыргызская Республика, город Бишкек*

# ВЛИЯНИЕ РАЗДЕЛЕНИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСТВА НА ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ

*Zhumabayeva Gulaiym Abdysamatovna,*
*Candidate of Pedagogical Sciences,*
*Kyrgyz Academy of Education,*
*Leading Researcher,*
*Kyrgyz Republic, Bishkek city*

# THE INFLUENCE OF THE DIVISION OF HUMANITY ON SPIRITUAL AND MORAL EDUCATION

***Аннотация:*** *Макалада элдин ынтымакташып, биримдикте жашоонун мааниси жазылган. Идеологиялык күрөш, партиялардын бийлик үчүн күрөшү, карама-каршы философиялык теориялар, жер, байлык талашуу аркылуу эл расага, өлкөлөргө, улуттарга, карама-каршы саясый багыттарга, кландарга, жана башка коомдорго бөлүнгөн. Анын адептик-рухий тарбияга терс таасири тийген. Бөлүнүү, талаш, конфронтация ж.б. элди мурдагы руханий тамырынан ажыраткан, ал элдин эс-тутумун начарлаткан. Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт. Эс тутуму начарлаган элде тарых бурмаланган, маданият начарлаган. Ага алкоголизм кошулганда ар түрдүү соматикалык, психикалык дарты бар окуучулар арбыган. Макалада биримдиктин, элдин ынтымагынын, дүйнө жүзүнүн интеграцияга багыт алуунун коомдун өнүгүшүндө мааниси баяндалган.*

***Аннотация:*** *В статье описывается значение жизни в согласии и единстве. Идеологическая борьба, противоположные философские теории, борьба за власть политических партий, конфронтации из-за земли, богатства, народы разделились на расы,*

*государства, нации, противоположным политическим партиям, кланам и другим обществам. Это отрицательно влияло на духовно-нравственное воспитание. Разделение, конфронтация, раздоры и т.д. способствовали отделению духовного корня народа. Это стало причиной ухудшения коллективной памяти. Без памяти не пишется история, без истории не бывает традиции, без традиции не бывает культуры, без культуры не бывает личности, без личности не бывает нации. Там, где ухудшается коллективная память, искажается история, снижается культурный уровень. Алкоголизм прибавило к ним разные соматические, психические болезни. В статье описывается роль единства, сплоченности народов и интеграции всего мира в развитии общества.*

***Annotation:*** *The article describes the meaning of life in harmony and unity. Ideological struggle, opposing philosophical theories, struggle for power of political parties, confrontations over land, wealth, peoples were divided into races, states, nations, opposing political parties, clans and other societies. This had a negative impact on spiritual and moral education. Division, confrontation, discord, etc. contributed to the separation of the spiritual root of the people. This caused the deterioration of collective memory. Without memory, history is not written, without history there is no tradition, without tradition there is no culture, without culture there is no personality, without personality there is no nation. Where collective memory deteriorates, history is distorted, the cultural level decreases. Alcoholism has added to them various somatic, mental illnesses. The article describes the role of unity, cohesion of peoples and integration of the whole world in the development of society.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ынтымак, биримдик, бөлүнүү, адептик, руханий, тарбия, генефон, конфронтация, тынчтык, идеология, эгрегор, интеграция ж.б.*

***Ключевые слова:*** *согласие, единство, разделение, нравственный, духовный, воспитание, мир, конфронтация, идеология, эгрегор, интеграция и т.д.*

***Key words:*** *agreement, unity, division, moral, spiritual, education, peace, confrontation, ideology, egregor, integration, etc.*

**Киришүү**. Кыргыз эли биримдикте жашоонун наркын жакшы билген: «Биримдиктеги эл кебелбес аскадай». «Бөлүнгөндү бөрү жейт, жарылганды жоо алат». «Ынтымагың бар болсо, айылың менен журтка тең болосуң. Ынтымагың болбосо, ит менен кушка жем болорсуң». «Ырыс алды – ынтымак, ынтымагың болбосо, жашоо кыйын тынчыраак» [2, 597-б.].

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун «Инсанды руханий, адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбия жөнүндө» Жарлыгына кол койгон. Анын негизинде Кыргыз билим берүү академиясында «Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга чейин окуучуларды жана жаштарды тарбиялоо концепциясы» иштелип чыккан. Аны жүзөгө ашыруу керек.

**Изилдөөнүн максаты**: адамзаттын бөлүнүшүнүн зыянын жана биримдикте жашоосунун адептик-рухий тарбиядагы маанисин ачуу.

**Изилдөөнүн методдору**: теориялык изилдөө, талдоо, анализдөө, синтездөө, салыштыруу; эмпирикалык методдор: мугалимдерди сурамжылоо.

**Негизги мазмун.** «Разделяй и властвуй» формуласын жактагандар элди бөлүп, бийликке жетүүнү максат кылган. Жер, байлык, бийлик талашуу, идеологиялык күрөш жана башкалардын натыйжасында адамзат расага, өлкөлөргө, улуттарга ж.б. бөлүнгөн. Адамзат биримдикте жашаса согуш, геноцид, терроризм, колониялык эзүү, кызыкчылыктардын кагылышы ж.б. кырсыктар болмок эмес. Жаштардын адептик, руханий тарбиясы мынчалык оор болмок эмес. Элдердин биримдикке умтулуп, ынтымакта жашоосу – адамзаттын ийгилиги. Бөлүнүү, кызыкчылыктардын кагылышы, конфронтация кырсыкка жол ачат. Ынтымак элдин бактысын ачат, ынтымак болбосо, ырыс качат. Элдердин ынтымакта кызматташуусунун натыйжасы – ийгилик. Жакындашуу, жардамдашуу,

адамгерчилик, кечиримдүүлүк, сабырдуулук, ынтымак ж.б. – бейпилдиктин, тынчтыктын кепилдиги. Бөлүнүп-жарылуу, ажырашуу, ынтымактын ыдырашы – көйгөйдүн кепилдиги.

XIX кылымдагы партиялардын күрөшү элди бөлүүнүн жаңы методу сыяктуу болгон. Партиялар элге сөз эркиндигин, бактылуу жашоону, жалпы калктын тиричилигин оңдоону ж.б. убада кылат. Партиялардын аталыштары ар башка болгону менен, баарынын жалпы белгилери бар: өз кызыкчылыгы, уставы болот, эл ичинде пропаганда жүргүзөт, бардык мүмкүнчүлүктү пайдаланып, өз позициясын бекемдейт. Идеалдуу коом түзүп, жакшы жашоого элди ишендирип, бийликке жетүүнү максат кылат. Компартия да элге социализмди, коммунизмди убада кылган. «Адамзаттын тарыхы – адамдын өз максатын көздөп, жасаган ишмердиги аркылуу түзүлөт». Миллиондогон элдин эсебинен бийликтегилер байып, элди жакырчылыкта кармаган саясий түзүлүштөр тарыхта аз эмес болгон [1, 7-б.].

Социалисттик идеялар адамзаттын рухий байлыгы катары ондогон кылым жашап келген. Социалисттик кыймылды жактаган «окуунун» (азыр ал псевдоилим катары таанылат) өнүгүү тарыхы эки кылымга жакын мезгилди камтыйт. Социалисттик практиканын өмүрү ондогон жылдар (74) менен ченелет. Билимдүү адамдар элди ишендирүүнүн жолун таап, башка ойдогуларды жазалаган. Революцияда, жарандык согушта кырган, кийин репрессиялаган. Согуш, кыргын – руханий тарбияга терс таасир эте турган нерселер. Социалисттик түзүлүш элдин руханий өнүгүүсүн жеткиликтүү камсыз кыла албай, экономикалык жактан капиталисттик түзүлүштөн артта калган. Социалдык жактан ар тараптуу кризиске келгендиктен социалисттик система ыдыраган. Мурда рухий байлык катары таанылган «билим» (идеология, материализм, атеизм) кийин актуалдуулугун жоготкон. Адамзаттын туура жолу коомдук аң-сезимди элди бөлүүгө эмес, тескерисинче аларды бириктирүүгө багытталса, руханий тарбия натыйжалуу болмок. Согуш, чындыкты бурмалоо, бөлүнүү бар жерде душманды жек көрүү да болот. «Бириктирбейт жек көрүү, бел сындырат бөксөрүү».

XIX кылымга чейин адамзат христиан, буддист, индуист, иудаист, мусулман, философ, эрес ж.б. болуп, көп идеологияга бөлүнгөн. Элди андан ары бөлүү үчүн «билармандар» жаңы «теория» чыгарышкан. Ал «теориялар» аркылуу элдер секталарга бөлүнгөн [5, 291-б.]. Бул азыр руханий тарбиядагы жаңы көйгөйгө айланды. Аккуу, чаян, чортон болуп бөлүнүүнү минимумга чейин азайтып, дени сак муунду окутуп, тарбиялоо, оорунун алдын алуу сыяктуу, азыр ал айрыкча балдар тарбиясынын күн тартибинде оор маселе болуп турат.

Илимде адамдын денесине энергия өтө алары далилденген. Бул азыр аксиома сыяктуу, аны далилдөөнүн зарылдыгы жок. Медицина илиминде нур аркылуу оорулууну дарылоо методу бар. Лазер нуру да медицинада колдонулат. Жин – акыл-эстүү энергия адамдын акыл-эсине таасир эте алат. Ал адам баласынын – негизги душманы [5, 267-б.]. Адам баласынын негизги душманы – адамзатты бөлүүгө аракеттенсе, адамдар биригүүгө аракеттенсе туура болмок. Тилекке каршы адам баласынын душманы элдерди бөлүү боюнча бир топ «ийгиликке» жетти. Адамзат биригүү боюнча ийгиликке жете албай келатат. Далай ойчулдар, философтор, тарыхчылар, окумуштуулар биригүү боюнча ойлорун ортого салып келген, бирок биригүү боюнча дагы эле маселе бар. «Эл бирдиктүү болбой, дөөлөтү болбойт» (макал).

Руханий тарбия боюнча жогорудагы маселелер аз келгенсип, бөлүнүүгө карата дагы башка маселе чыккан. М.С. Горбачев Орто Азия, Кавказ, Ставрополь, Молдовия, Украинада миңдеген гектар жердеги жүзүмдөрдү жулдуруп, алкоголизм менен күрөшүп, арак өндүрүүгө тыюу салган. Күрөштүн натыйжасы ал ойлогондой болбой, эл жапырт самогон өндүрүүгө өткөн. Үйлөр гана эмес, көчөлөр «атыр» жыттанып калган. Самогон тартып, сатууга өспүрүмдөр да тартылган. Ошол жылдары техникалык спирт, атыр, духи ж.б. спирт курамында болгон ээритмелерди ичип өлгөндөр болгон.

Эң жаман мүшкүлү – ошол кезде Самашбектер менен Самашкандардан наристелер төрөлгөн. Самаш менен талкаланган генофонддон ымыракайлар жабыркаган. «Улугу көсөм болбосо, убара болот эл карып» эл эле эмес, бүтүндөй муундун өкүлдөрү карыпчылыктын күнүн көргөн [10, 111-б.]. Ал кезде төрөлгөн балдар 2007-2008-жылдары ата-эне болуп калган. Нерв-психикалык, соматикалык дарты бар наристелер төрөлүп, чарчаган балдар аз эмес.

А. Акаевдин мезгилинде колхоз-совхоздордун койлору таратылып, кой аракка алмашылган. Аны ичүүнүн натыйжасында балдар аутизм, дебилизм, синдром дауна, шал, талма, логопеддердин жардамына муктаж ж.б. диагноздоруна карата ажырымдалат. Бул инклюзивдүү билим берүү зарылдыгын пайда кылды. Аз сандуу эли бар республика үчүн бул – оор маселе. Мектепте адептик, руханий тарбия дайыма жүргүзүлүп келген. Бирок натыйжасы төмөн, анткени мурдагы тарыхый жолубуз менен тарбияны гармониялуу болгон деп айтыш кыйын. Өспүрүмдөр аскерге алууга жарактуу, жараксыз болуп бөлүнөт. Өзүн коргой албаган бала элин коргой албайт. Эл бай-кедейге, жумушсузга, чоңго, мигрантка ж.б. коомдорго ажырымдалат.

«Азыркы жаштардын туруктуу идеологиясы жок, прессада жакшы-жаман маалыматтар чыгат. Ата-энесин бакмак тургай, өзүн бага албаган жаштар чыкты. Жумушсуздук, базар экономикасы, таш боордук, баңгилик ж.б. адам өлтүрүү сыяктуу баш аягы жок маалыматтарды айткан замандын кучагында балдар калды. Ушундан улам улуу муун менен кичүү муундун ортосунда ажырым пайда болду» [4, 189-б.]. «Каныбызга сиңбеген, ата-бабаларыбыз билбеген батыштык «тарбиянын» жана эки муундун ажырымынын терс таасири балдарга тийип жатат». Коомдогу маалыматтар оңолбосо, руханий тарбиянын натыйжалуу болушу кыйын.

«Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт». Советтик идеология элди мурдагы руханий тамырынан бөлгөн, ал элдин эс-тутумун начарлаткан. Элдин эс тутуму начарласа, тарых бурмаланат, бурмаланган тарых элдин моралдык абалына терс таасир этет, анда жаман салт пайда болуп, коомго сиңет. Андай салт элдин маданиятына терс таасир этет. ШТКда (КВН): Первым делом мы испортим самолетов, ну а девушек, а девушек потом» деген сыяктуу артисттердин «тамашасын» эл каткырып кабыл алган. Балдардын адептик, руханий тарбиясына анын таасирин, күлүп отурган эл оюна алган эмес. Маданият начарласа, мыкты адамдар жогорулабай, калкын пролетариатка айландырып, өз позициясын бекемдегиси келген «лидер» чыгат. Ал «мыкты адам» катары таанылат. Пролетариятка айланган элди башкаруу оной. Андай эл «пулуң болсо, кулуңмун» деп, батыш менен чыгыш өлкөлөрүнүн спонсоруна, жумушуна муктаж. Бири батыштын, башкасы чыгыштын өлкөсүнүн пулу бар адамынын сөзүн сүйлөп, таламын талашып калса, ынтымак ыдырайт, элден биримдик кетет. «Биримдик болгон жерде тиричилик болот». «Ажыраган эл азаар, кошулган эл озоор». «Биримдик табылгыс байлык» [3].

Турмуштун океанында чоң акула менен киттер майда балыкты жеп кетет. Майда улуттардын чоң улуттарга сиңип кетиши кокустук эмес. Биримдиктин наркын түшүнбөгөн элдер, улут катары сакталып кала албайт. Мурда кыпчактар өзүнчө улут болгон. Ар кими өз жанын багуу менен далалаттанып, ар башка жакка тараган. Азыр кыргыз, казак, өзбек ж.б. улуттардын арасына сиңип кетти. Мындай көрүнүштөр дайыма болуп келген.

Биримдикте жашай албаган мамлекеттер (Византия, Персия, Андолусия ж.б.) мамлектеттүүлүгүнөн ажыраган. Түрк тилдүү элдердин 927-1212-жылдары Чыгыш Түркүстан, Семиречие жана Түштүк Тянь-Шанда Караханид мамлекети болгон. Элдин ынтымагы ыдыраганда аны хорезмшах Мухаммеддин аскери 1212-жылы талкалаган [8, 551-б.]. Өлкөнүн цивилизациялуу өнүгүшү жана мамлекетибиздин сакталышы үчүн биримдик керек. Цивилизация деп – тарыхый жактан өнүккөн жана узак мезгилде биримдикте өнүгүп келе жаткан ири региондук

полиэтномаданий адамдардын жамаатын аташат [9, 105-б.].

Курдистан (курддардын Персиядагы жери) Иранда, Түркияда, Иракта, Сирияда, Курдистан тоолорунда жайгашкан. Курддар Азербайжанда, Казакстанда, Кыргызстанда да жашашат. Калкы 43-53 миллион, бирок мамлекеттүүлүгүн түзө албай келе жатышат. Биримдиги жок болуп, башка элдин этикасын тандап, башкаларды туураган элдин тагдыры ушундай болот.

Өткөн кылымда ойчулдар неотомист, экзистенциалист, материалист, идеалист, конфуцианство ж.б. болуп бөлүнүшүп, өлкөлөр ар башка түзүлүштө өнүгүүнү тандаган. Натыйжада бири-биринен коргонуу үчүн жер жүзүн талкалоого жетишерлик курал өндүрүлдү. Ынтымагы жок элде кырсык көп болот. Кызыл Кресттин эсептөөлөрү боюнча кылымдын башына караганда табигый кырсыктар 1960-жылы 43 эсе, 1979-жылы 81 эсе өскөн.

Биримдиктин мааниси (бөлүнүүнүн зыяны) психология илиминде төмөнкүчө түшүндүрүлөт. «Коллективдүү бейаң» деген терминди швейцардык психолог жана философ К. Юнг киргизген. Р. Шелдрейк аны «морфогенетикалык (гр.morfo-форма, genesis – ата-теги) аң-сезимдин талаасы» деп атаган. Авраам Маслоу аны «биригишкен аң-сезим» деген. Питер Рассел аны «глобалдуу мээ». Хосе Сильва аны «жогорку акыл-эс» деп атаган. Анын ар бир адамга таасири бар. Ал «эгрегор» деген түшүнүккө жакын. Эгрегор деп – көп адамдардын бирдей (окшош) ой формаларынан жаралган, маалымат камтыган, уюган энергияны аташат. Окшош, ниеттеш, тилектеш идеялаш адамдардын тобунун ой энергиясынын күчтүү топтолгон кубаты менен астралдык дүйнөдө жаралган астралдык жашоочу – эгрегор деп аталат (А. Свияш).

Эгрегорду маанилүү, маңыздуу зат деп атаса болот. Ал өзүнө баш ийген адамдардан энергия келгендиктен болот, б.а. «клиент» же кызматташ деп аталган адамдардан ага тынымсыз энергия келгендиктен болот. Канчалык көп адам өз ойлорун, эмоцияларын белгилүү бир түшүнүккө, идеяга, философияга, идеологияга, идеяга арнаса, ал идеянын эгрегору күчтүүрөк болот [7].

Жогорку же пас эгрегор болушу мүмкүн. Илимий, диний эгрегорлор жогорку эгрегор болуп эсептелет. Үй-бүлөлүк, саясый, спорттук, финансылык, материалдык баалуулуктар менен байланышкан эгрегорлорду жерге жакын эгрегор деп аташат. Андан пас эгрегорлор тамак, кийим, ичкилик, секс, бийлик идеяларын жактаган адамдардын көбүрөөк болушун каалайт. Эгрегор жаралган соң, пассивдүү жашоодо калбайт. Ал өзү жараткан адамдарга келип, аларды баш коштуруп турган идея үчүн күрөшкө чакырып, аң-сезимине улам жаңы ой салып, ошол идеянын жүзөгө ашуусуна түрткү болот. Ошентип адамдар тобу менен эгрегордун ортосунда үзгүлтүксүз мамиле орнойт.

Өз ара антогонисттик идеялар, идеологиялар, философиялар, партиялар бар. Адамдардын тобу өз ара келишпес душмандык ой аркылуу антогонисттик эгрегорлорду жаратат. Андай эгрегорлордун ортосунда күрөш жүрөт. Ал күчтүн күчөшү, жер бетиндеги топ ортосундагы кармашууларды, тирешүүлөрдү пайда кылат. Ошондуктан секталар, партиялар, улуттар, таптар, катмарлар, атаандаштар ортосунда күрөш, чыр-чатак, ынкылап, согуш чыгып кетет [6].

Кыргыздар «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» (б.а. ынтымакта) жашоону туура көрүшкөн. Анткени күч биримдикте болорун билген. «Бөлүнүп калса кыргыздар, көрүнгөн элге кеп кетет, бөлүнүп калган козуну, көрүнгөн бөрү жеп кетет» деп элдик педагогикада айтылат. Бириге албаган эл мамлекеттүүлүгүн сактай албайт. Мамлекеттүүлүгүн сактай албаган улуттар мамлекетин сактаган, биримдикте жашаган улуттарга көз каранды болот. «Пири (духовный наставник) көп элдин кири көп» (макал). Бир элдин бир нече пири болушу – биримдиктин ыдырашына алып келет, ал – элдин трагедиясы. Бир элдин секталарга, коомдорго, идеологияга, кландарга ж.б. бөлүнүшү антогонисттик эгрегорлорду жаратат, ал эл ичинде жаңжал чыгып кетишине

себеп болот. Ырыс алды ынтымак, ыркы жокко конбойт бак, ынтымагың жок болсо, алдыңдан таяр алтын так, башыңдан учат конгон бак [2].

Коомдун бөлүнүшүнүн адептик, руханий тарбияга терс таасири бар. Азыр окуучулар боздор (сектанттар), актар (мечитке баргандар), каралар (рэкет, балдар кылмыштуулугу), жашылдар (ботаниктер), кызылдар (укук коргоо кызматкелери – коргогондор), байдын, кедейдин, чоңдун, жумушсуздун, мигранттын баласы ж.б. болуп бөлүнүшөт. Тойдон кийин алкогол ичимдигин ичип бойго бүткөн балдар да ажырымдалат. Окуучуларды биримдикке чакыра турган руханий билим берилиш керек. Азыр руханий билимдин маанисин дүйнө жүзүндөгү педагогдор жогору баалоодо, анын актуалдуулугу жогорулоодо. Экинчи жагынан илимий, руханий (диний) эгрегор баарынан жогору болот. Кыргыз Республикасынын эли – жети миллион. Азыр миллиарддаган, жүз миллиондогон калкы бар өлкөлөр бар. Алардын эгрегорунан күчтүү эгрогорду Кыргыз Республикасынын эли түзө албайт. Муну түшүнүш керек.

РФда жылына 35000 арыз ата-энелик укуктан ажыратуу боюнча түшөт. Адам көп жашаш үчүн бактылуу үй-бүлө түзүү шарт. Соо үй-бүлөлөр балдарын адептик жактан тарбиялап, руханий өнүктүрүп келген. Үй-бүлөнүн наркын түшүнбөгөн улуттарда көйгөйлөр арбууда. Демографиялык кризис үй-бүлөнүн бөлүнүшүнө, өлүм коэффициентинин жогорулашына алып баратат. Азыркы жаштардын үй-бүлө түзүү максаты – бири-биринен колдоо күтүү. «Соо адам омурткасынын бөлүнүшүн байкабагандай эле, соо коом улуттарга бөлүнүшүн байкабай жашайт» [11, 256]. Соо коом түзүү үчүн биримдик керек.

**Жыйынтыктоо**. Кыргызда: «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып жашаган дурус» – деп айтылып келген. Бириге албаган элдин келечеги кең, түбөлүгү түз болбойт. Элдин бир нече багыттарга, идеологияга, секталарга, коомдорго бөлүнүшү – трагедия. Анткени антогонисттик эгрегорлор жаралат. Алар эл ичинде жаңжал, чыр-чатак чыгышына себеп болот «Кыйын иштин башына, баатыр келет кашына» (макал). Элдин башына кыйынчылык түшкөндө нарктуу жигиттер (кыздар) чыгып, маселени чечип кетчү. Биримдиктин маанисин адамзат XX кылымдын аягында түшүнүп, ***интеграцияга*** (биригүүгө) карай багыт алган. Биримдикке, ***интеграцияга*** умтулалы. Жалпы көтөргөн жүк жеңил болот. Адептик, руханий жактан өнүгөлү, балдардын ден соолугуна камкордук көрөлү. Ынтымакта жашайлы, маданиятыбызды, мамлекетибизди сактап калалы.

***Адабияттар:***


1. Жуманалиев А. Синергетикалык жыйнак. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2018. – 7-б.
2. Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. / Жыйнаган М. Ибрагимов. – Бишкек: Изд. ST. art Ltd. 2008. – 597-б.
3. Койчуманов Ж.Ы. Элдик педагогиканын берметтери. – Бишкек, 1996. – 78-б.
4. Мондошев Ш.Н. Элдик педагогика – дени сак тарбиялоо булагы // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – №2 (30). – 189 с.
5. Малик Ибрахим. Параллелный мир. – Казань: Идеал-Пресс, 2004. – 291 с.
6. Стоун Р. Небесная 911. Как обращаться за помощью к правому полушарию мозга. – Киев: София, 2000. – 190 с.
7. Свияш А. Как формировать событие своей жизни с помощью силы мысли. – СПб., 1999. – 71 с.
8. Советский энциклопедический словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1980. – 551 с.
9. Тагаева Г.С., Алмурзаева С.А. К вопросу о нравственных ценностях современного общества // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2017. –№1 (41). – С. 102-108.
10. Шакитов Ш. Тукум куучулук жана тагдырыбыздагы окутуу-тарбиялоонун абалы // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. – №2 (30). – 111 с.
11. Классные часы. Авт-сост. А.В. Давыдова. – М.: ВАКО, 2009. – 256 с.


***Рецензиялаган:***
***Байгазиев С.О.,***
***филология илимдеринин доктору, профессор,***
***КББАнын академиги***